УДК 951/959(575.2):297

# САН МЕН МУНДУН ДИНИЙ ИМПЕРИЯСЫ

***Алимова К.Т.*** *И.Раззаков атындагы КМТУнун Философия жана социалдык илимдер кафедрасынын доцентинин м.а. E-mail: alimova.kt@mail.ru*

Макалада Сан Мен Мундун диний империясынын тарыхы иликтенет; мунизмдин Кыргызстандагы ишмердигине анализ жасалды.

**Негизги сөздөр:** тоталитардык секта, мунизм, “Биригүү чирөөсү”, "Эл аралык билим берүү фонду", "Эл аралык маданият фонду", "Бүткүл дүйнөлүк тынчтык кеңеши", "Дүйнө диндеринин ассамблеясы", "Жаштардын диний кызматы", "Достуктун жана жардамдык Бүткүл дүйнөлүк фонду".

# РЕЛИГИОЗНАЯ ИМПЕРИЯ САН МЕН МУНА

***Алимова К.Т.*** *и.о. доцент кафедры Философии и социалных наук КГТУ им. И.Раззакова E-mail: alimova.kt@mail.ru*

В статье исследуется история религиозной империи Сан Мен Муна; проанализированы деятельности мунизма в Кыргызстане.

**Ключевые слова:** тоталитарная секта, мунизм, “Церковь объединения, "Международный фонд образовании", "Международный фонд культуры", "Всемирный совет мира", "Ассамблея мировых религий", "Религиозная служба молодежи", "Всемирный фонд дружбы и помощи".

# RELIGIOUS EMPIRE OF SUN MYUNG MOON

***Alimova K. T.*** *associate Professor of Philosophy and social Sciences KSTU named after I. Razzakov E-mail: alimova.kt@mail.ru*

This article examines the religious history of the Empire of sun Myung moon; analyzed activities munizma in Kyrgyzstan.

**Key words*:*** totalitarian sect, munism, “unification Church, "international education Fund", "international culture Fund", "world peace Council", "Assembly of world religions", "Religious youth service", "world friendship and assistance Fund".

Совет империясы менен бирге коммунисттик идеологиянын кулашы миңдеген адамдардын жан дүйнөсүндөгү боштукту алып келген. Ал боштукту толтуруу үчүн ар ким алына жараша аракет жасаган. Ошондогу абалдан пайдаланып, өз максаттарын иш жүзүнө ашырууга аракет жасаган тоталитардык диний уюмдардын бири “Биригүү чиркөөсүнүн” ишмердүүлүгүн ачып берүү бүгүнкү күндө актуалдуу маселелерден болуп турат. Бул теманы иликтөөдөгү максат: котур ташы койнунда, сыртынан соопчулук иштерди жасамыш этип жаткан Сан Мен Мундун диний империясынын түпкү максатын ачып берип, коомчулуктун терең катмарына жеткирүү. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон бери, анын аймагында өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан ондогон диний уюмдардын ичинде инжилдин негизинде 2013-ж. чейин өзүнүн диний ишмердүүлүгүн жүргүзүп келген чет өлкөдөн келген дагы бир ири, бай чиркөөлөрдүн бири – Мун чиркөөсү болуп саналат. О.Ш. Мамаюсупов илимий

докладында Мун чиркөөсүн Кыргызстандын аймагында туруктуу эмес түрдө өзүнүн ишмердүүлүгүн каттоодон өткөрбөй жүргүзгөн диний уюмдардын катарына киргизген. Мун Сан Мен (же Сон Мьюонг Мун-Кирилл Привалов Секты: досье страха) “пайгамбардын” чиркөөсү ар түрлүү аталышы менен да белгилүү. Алардын арасында: "Биригүү чиркөөсү" (Церковь объединение), "Дүйнөлүк христиандыкты бириктирүү үчүн ыйык рухтун бирикмеси (ассоциациясы)", "КАУЗА (Ассоциация за единство общества Америк") жана башка ондогон аталыштар менен өздөрүнүн чыныгы оюн жашырып иштеп жүрүшөт [4]. Мундун чиркөөсү дүйнө жүзүндөгү эң бай менчик чиркөөлөрдүн бири жана элүү эң бай жекелик коомдордун курамына кирет [3]. Бул чиркөөнү негиздеген Сен Мен Мун корей улутундагы адам 1920-ж. ошол кездеги бирдиктүү Корея мамлекетинин түндүгүндө туулган. Жаш кезинде пресвитериандардын диний миссиясында даярдыктан өткөн. Мун кийинчерээк пятидесятниктердин диний чогулуштарына катышып сыйынып жүргөн. 1936-жылы Сен Мен Мун пайгамбар Ыйса Христос менен болгон рухий "жолугушууда" “аян” алган. Пайгамбар Ыйса Христос ал "жолугушууда" эки миң жыл мурда өзү аткара албай калган вазийпасын Мунга “тапшырган”, 1948-ж. Мун кылмыш иштери үчүн мөөнөт алгандан кийин абакта болгон [4]. 1950-1953-жж. корей согушунда Түштүк Кореяга качкан. Сен Мен Мун Японияга барып окуп, электрик деген кесипке ээ болгон. 1954-ж. Мун христиан дининин негизинде Дүйнөлүк бириктирүүчү ыйык Рухтун ассоциациясынын бирикмесин түзгөн. 1955-ж. моралдык жагынан ондон ашык жаш аялдардын арызынын негизинде кылмыш иши козголуп, сот жообуна тартылган. 1957-ж. “Кудайчылыктын принциптери” (божественные принципы) деген "илимий" эмгегин жазган. Бул эмгекте одоно түрдө христианчылыктын, чыгыш диндеринин уламыш менен насааттардын аралашмасын берип, аны жаңы кылымдагы эң мыкты китеп катарында жарыялай баштаган. Мундун айтуусунда, ал өзү таза күнөөсү жок, наристе баладай, ал эми биринчи аялы Хан Хак Джаны таза, күнөөсү жок деп даңазалаган. Сен Мен Мун жана Хан Хак Джа экөө анын көзү өткөнгө чейин аруу, чыныгы үй-бүлөнү түзгөн, себеби адамзат жаралган мезгилдеги Адам ата менен Обо эне чыныгы үй бүлө деп аталууга татыбайт. Анткени Обо эне иблис менен күнөө кылган. Ошондуктан, Анык үй бүлөнүн чиркөөсүнө мүчө болгондор бардык күнөөлөрүнөн арылат деген тыянак чыгарган Мун [5]. 1957-ж. Сен Мен Мун биринчи жолу Америка Кошмо Штаттарына барат.

1973-ж. баштап, Сен Мен Мун Америкага толук ыйгарымдуу "Кудайдын элчиси" катарында кудайдын эркин аткарууга барган. Муниттер Мундун "Кудайчылыктын принциптери" инжилден алда канча жогору турат деп эсептешет. Мундун "Биригүү Чиркөөсү" Ыйса Христос пайгамбардын адамзатка "экинчи жолу" кайтып келиши XX к. 80-жылдарында болот деп өзүнүн жактоочуларын ынандырышкан. "Экинчи жолу" кайтып келген пайгамбар 1920-ж. Кореяда туулган, себеби корея эли кудай тарабынан тандалып алынган эл деп, далилдешкен. "Рухий багытта" мен шайтанды багындырам, далай аалымдар менен анын ичинде пайгамбар Ыйса Христос менен акылдаштым" деген Мундун сөздөрү чындык катарында кабыл алынган. "Биздин христиандык вазипабыз бүтө элек, бүткөндө бүткүл дүйнөлүк христиан чиркөөсүнүн мурасы бизге өткөндө, бизге инжилдин кереги жок болуп калат деген ой Мундун окуусунун негизин түзөт [4]. Мундун диний саясий синдикатынын Америкадагы мүчөлөрүнүн катарында орто байлыктары бар ак расанын өкүлдөрү басымдуулук кылат. Чындыгында Мундун чиркөөсүнүн ээлигинде көп миллиондогон баадагы имараттар, Түштүк Кореяда курал-жарак чыгаруучу заводдор, (м-16 мылтыгын чыгарган) ресторандар, зер буюмдарды чыгаруучу фабрикалар бар [4].

Ыйык Мун өз учурунда Америка Кошмо Штаттарынын президентери: Дж. Кеннеди, Л. Джонсон, Р. Никсон менен сүрөткө түшкөн жана алар тарабынан жылуу кабыл алууга ээ болгон. Ыйык Мун дайыма чиркөөнүн иштери жөнүндө кам көрүп, экономиканы эч качан унуткан эмес. Түштүк Кореянын, Япониянын, Франциянын, Парагвайдын, Германиянын экономикасында парфюмерия, курал-жарак чыгарган заводдору, балык уулоочу флотилиялардын акцияларын Мундун “Биригүү чирөөсү” сатып алган [5]. Ыйык Мунга бул ишканалардан түшкөн кирешелер аздык кылган.

Мун чиркөөсүнө кирешени анык жактоочулары алып келишет. Өнүккөн мамлекеттердин шаарларында күнүгө кайыр сурап, көчөдөгү адамдарга гүл, жер-жемиштерди бир нече эсе кымбат сатып, күнүнө 200-300 доллар кассага тапшырып тургандар абдан көп саналат [3].

Кээ бир макалалардын авторлору Сен Мен Мундун дүйнөдөгү эң чоң менчик чиркөөсүн “кыймыл” деп аташат. Француз тележурналисти Жан Франсуа Буайс жазган "Империя Муна" деген китеби өзүнүн курч мүнөзүн, маанисин азыр да жогото элек. Ж.Ф.Буайс өтө кылдаттык менен Мундун диний империясынын (диний саясий синдикат "Новое время" жумалыгы 13-1994-жыл –42-бетте) байлыгы күн сайын кантип топтолгондугун 1982-ж. июнь айынан 1985-ж. аягына чейинки аралыгын гана изилдеген. Автор ыйык Мунду миллиардер катарында сүрөттөп, жыл сайын жүз миллиондогон долларды бүткүл дүйнөдөгү прогрессивдүү күчтөргө каршы чыгымдап жатканын далилдеген. Бул күрөштө Мундун диний империясын Ыйык Ватикан кызуу колдоп жаткандыгы айтылган [2]. Мамаюсунов О.Ш "Секта болуп көрбөгөндөй бай, ал жылына саясий жана диний долбоорлорго бир миллиардга чейин акча сарптайт" деп, белгилейт өз докладында [3]. Ж.Ф.Буайс: “Мундун диний империясы жер жүзүндөгү 50 эң ири, бай, менчик мамлекеттердин (держава) бири болгондугуна карабастан салык төлөөдөн кутулуш үчүн киреше көздөбөгөн бирикмелер катарында катталган. Ыйык Мун бүт дүйнөнү багындырып алуу үчүн колдон келген бардык аракетин жаап жашырыш максатында андан таркап кеткен уюмдар 17 ар түрдүү аталыш менен катталган, деп далилдейт [3]. Алардын арасында "Эл аралык билим берүү фонду", "Эл аралык маданият фонду", "Бүткүл дүйнөлүк тынчтык кеңеши", "Искусство чеберчилигинин эл аралык бирикмеси", Илимдин биригүүсүнүн эл аралык конференциясы", "Дүйнө диндеринин ассамблеясы", "Гезит басмаларынын Бүткүл дүйнөлүк федерациясы", "Жаштардын диний кызматы", "Достуктун жана жардамдык Бүткүл дүйнөлүк фонду" жана башкалар бар. Уюмдар эл аралык жана бүткүл дүйнөлүк көлөмдө гана иштегени, аталышынан көрүнүп турат. Дагы бир толуктоо: Мундун адамдары ар түрдүү кесиптеги кызматчыларды, илимдин ишмерлерин бириктирип көбүнчө студенттердин жана жаштардын (мектеп окуучуларынын) арасында иш жүргүзүп, бекер семинарларды өткөрүп, жолун, жатаканасын, үч маал тамагынын акчасын төлөөгө чейин барышкан. Мундун торуна депутаттар, саясий ишмерлер, сот өкүлдөрү да түшүшкөн.

Мундун чиркөөсүнө жаңы мүчө болуп кабыл алынган жаштарга атайын программа менен мамиле кылынган. Алардын аң-сезимине терең таасир этүү үчүн ар түрдүү психоаналитикалык ыкмалар колдонулган. Чындыгында Мундун чиркөөсү тотолитардык болуп саналат, анткени адамды толук бойдон өзүнө баш ийдирип, кыңк этпестен унчукпай баш ийдирген. Мундун чиркөөсүнүн кулу болгон адам биротоло өзүнүн ысмынан ажырап, тез аранын ичинде бир уюмдан экинчи уюмга которулуп турат. Чиркөөнүн жаш жактоочулары тамак аштан өксүсө да, уйкудан көп учурда калса да, тапкан акчасын толугу менен чиркөөгө берип турат. Эгерде чиркөөгө жаңы кирген бурадардын (дин бузардын) үй-мүлкү, акчасы, акциялары, баалуу буюмдары бар болсо алардын бардыгын ортолукка салгандан кийин, ал алардан биротоло кол жууп, керт башынан бөлөк эчтекеси калбайт. Балдары, үй-бүлөсү барларды чиркөөгө жолотпоого аракеттенишкен. Эгерде кандайдыр бир себептер менен үй-бүлөлүүлөр чиркөөгө мүчө болуп калса, ал учурда аялы бөлөк, күйөөсү бөлөк коммуналарда, же бөлөк имараттарда жашашкан. Алардын никеси да бузулган. Ыйык Мунга жакшы көрүнүш үчүн чиркөөдөн качкан адамдарды, чиркөө жөнүндө жаман жарыяларды жасагандарды өлтүрүүдөн да баш тартышкан эмес [2]. Чиркөөнүн мүчөсү Мун ата үчүн жанын кыюуга даяр болуш керек, себеби ал адамдын ата-энеси да жана аялы да Мун болуп саналат. Бул келишим жарандын өмүрүнүн акырына чейин күчүн жоготпойт.

Мундун аталаш инисинин "Тонь Иль" деген ири фирмасы бар. Түштүк Кореянын куралдуу күчтөрүнүн көпчүлүк бөлүктөрү ушул аталган фирманын шаймандары менен жабдылган. "Тон Иль" Латын Америкасынын көптөгөн мамлекеттеринин армиялары үчүн оор курал жарактарды, самолеттордун негизги бөлүктөрүн иштеп чыгарат [2].

Мына ушунчалык бай чиркөөлөрдүн бири биринчи кезде экономиканын "майлуу" тармактарына тымызын ээ болууну көздөгөн, өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргызстанда кайра куруу мезгилинен баштап, жүргүзө баштаган. Мундун чиркөөсү Кыргызстанга Россия Федерациясы аркылуу келген. Мундун чиркөөсүнүн дагы бир "кесиби" бар, ал: Чиркөө Америка Кошмо Штаттарынында, Түштүк Корeяда миңдеген жаш жубайларды бир күндө, бир убакта Мун-атанын батасы менен үйлөндүргөн. Мындай массалык түрдө кыйылган никелердин "салты" Кыргызстанга да келип жеткен. 1982-ж. бир күндө Нью-Йоркто 4150, ошол эле жылы октябрь айында 5837 жаш улан-кыздардын тагдыры чечилип, никеси кыйылган [2]. Никелешкен жаш жубайлар Мун атанын жардамы менен анын колу бошобогондо компьютердин коштоосу менен ошол эле күнү таанышкан.

Азыркы мезгилде Мундун диний империясынын жактоочуларынын саны 3 миллионго (болжол менен) жетип калды. Чиркөөнүн негизги таяныч борборлору Түштүк Кореяда, Россия Федерациясында жана АКШда жайгашкан.

1990-ж. апрель айында Мун атанын зайыбы Хак Джа Хан-ананы СССРдин ошо кездеги президенти М.С. Горбачев кабыл алган [3]. Өз убагында СССРди биринчи душман деп санаган, аны жок кылууга эч нерсе аябаган, Мундун пикири боюнча "Москва шайтандын ордосу" деп эсептеген адамды, ошол эле Москвада дүйнөдөгү эң кубаттуу мамлекеттин президенти М.С.Горбачев жана анын жубайы Р.М Горбачеванын мамлекеттик даражада кабыл алышынын өзү эле эң коркунучтуу факторлордун бири болгон. Мундун диний империясын “саясий – диний синдикат” (бир чоң максатты көздөгөн ири уюм) деп айткан, ойлор болгон [7].

Ошондой эң чоң колдоого ээ болгондон кийин, Ыйык Мун Россияда жүздөгөн чиркөөлөрдү көз ачып жумгуча ача баштады. Ал эми, Мундун чиркөөсү Кыргызстанда ар түрдүү фонддорго таянып, ишин жүргүзө баштаган. Чындыгында "Новое время" жумалыгынын маалыматына караганда 1990-ж. 12-апрельде Кремлде "Правда" газетасынын (ошол кезде КПССтин негизги органы) редактору И.Т. Фроловдун ортомчулугу менен Ыйык "Бийик Даражалуу" Сен Мен Мун аялы экөө кабыл алынган. Кабыл алуу аземинде Мун атанын аялы Хан Джак Джа Р.М. Горбачевага 100 миң доллар өлчөмүндөгү чекти тапшырган. Горбачева Р.М. ал чекти Россия Федерациясындагы балдардын республикалык клиникалык ооруканасына өткөрүп берген [7]. Ыйык Мундун жактоочулары Россия Федерациясында көп экендигин тарых илимдеринин кандидаты, доцент Лев Семеновдун жарык көргөн макаласы далил болот. Окумуштуу Ыйык Мундун бүткүл дүйнөдөгү өлкөлөрдүн ортосундагы "ак эмгегин" жогору баалап, аны актап чыккан. Л. Семенов Москвадан жарык көргөн "Мой мир и я" деген жыйнакта, бүткүл дүйнөдөгү диндерди Мундун жетекчилиги астында бириктирүүгө чакырган [6]. Ыйык Мундун көзөмөлү астында жазылган бул китеп 1994-1996-жж. Кыргызстандын мектептеринде коом таануу сабагы боюнча негизги окуу куралы катарында пайдаланууга сунушталган [1].

1994-ж.. 26-29-мартта Сеулда "Дүйнө жана жыйырма биринчи кылым" деген бүткүл дүйнөдөгү тынчтык үчүн федерациясынын конференциясына СССР дин президенти М.С. Горбачев, Москванын мурдакы мэри Г. Понов, Кыргызстандын премьер-министри Апас Жумагулов жана ондогон өлкөлөрдүн мурдакы мамлекет жана өкмөт башчылары катышышкан [6].

Ыйык Мундун чиркөөсү бир дагы бөлөк-бөтөн чиркөөлөрдү өздөрүнө каршы дешпейт. Көптөгөн мамлекеттерде Мун чиркөөсүнүн ишмердүүлүгүнө тыюу салынган. Бирок ошого карабастан миллиондогон доллар акчаларды сарп кылып, Мун чиркөөсү бардык диндерге каршы тымызын чабуулун токтотпостон жүргүзүп жатат. Мун чиркөөсү тоталитардык чиркөө экендигин, анын мамлекетке, инсанга каршы багытталган аракеттери коом үчүн өтө коркунучтуу экендигин турмуш далилдеди. Акыры жүрүп отуруп Мун чиркөөсү БУУнун ордун ээлеген уюм болууга баардык аракетерин жумшаган [6].

Мундун чиркөөсүндө негизги ырым-жырым “дүйнөнүн канын” тазалоо болуп эсептелген. Ал ырымды иш жүзүнө ашырууда жаңы имараттарды, үйлөрдү түзүү, андан кийин

диний тамактан ооз тийүү негизин түзгөн. Диний тамактын курамында 20 түрдүү кошулма болгон. Ага эң негизгиси пайгамбар Мундун каны кошулган [3]. Мундун чиркөөсүнүн борборунда жаштар, мектеп окуучулары турган. Бир эле 1990-91-окуу жылында 3000 советтик студент Америка Кошмо Штаттарына 10 күнгө чакырылган. Алар АКШ, Япония жана Корея Биригүү кыймылдарынын чакыруусу менен барган [6]. Бул чакырууга Мун 6 миллион доллар бөлүп берген [3]. Бирок Л.Семеновдун макаласында 6 миллион доллар жөнүндө маалымат жок болгон. Мун Сан Мен дүйнөдөгү эң ири мамлекеттердин жетекчилеринин кадыр баркы төмөн экенин айтып, алардын бирөө да өз өлкөлөрүнүн чыныгы ээлери боло албай калгандыгын, алар кудай тарабынан таанылбагандыгын баса белгилеген [3]. Бүт дүйнө азыр менин колумда, ал дүйнөнүн үстүнөн мен үстөмдүгүмдү орнотом, мен ал дүйнөнү багындырып алам деп айтса, айрым учурда “буга чейин Ыйса рухий дүйнөдө өзүнүн жактоочуларына үлгү болгон. Мындан ары мен үлгү болом” деп, ачык эле айткан [8]. Дүйнөнүн “чыныгы” кожоюну катары ким болгондугу ушул шилтемелерден ачык көрүнүп турат.

Жогоруда айтылгандардан жыйынтык чыгарсак, бул тоталитардык диний уюмдун ишмердүүлүгүн Кыргызстандын аймагында жайылтууга уруксат берүү керекпи, жокпу деген суроону койсок, маселени коомчулук байма-бай көтөрүп, акырында чекит коюлган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын, КРнын УКМКнын жана Башкы прокуратуранын биргелешкен демилгеси менен бул иш сотко берилип, эки инстанцияда жеңип чыккан, 2013-ж. 1-августунда КРнын Жогорку соту жогорку чечимдерди күчүндө калтырып, бул сектанын ишмердигине Кыргызстандын аймагында тыюу салган.

**Колдунулган адабияттар:**


1. Битинас Б.П., Феленц – Усами Д., Станеки – Козвоски М., Хейнс У. “Мой мир и я” Путь к единению М., Международный фонд Образования, 1993.
2. Буайс Ж.Ф. Империя Муна М., Политиздат, 1990, С. 341-342, 26, 118-119, 137-141,78.
3. Мамаюсупов О.Ш. Вопросы (прблемы) религии на переходном периоде Б., Государсткенная комиссия при Правительстве КР по делам религий 2003,С. 207, 207, 209, 312, 212, 207, 213.
4. Митрохин Л.Н. Религии “нового века” М., Советская Россия 1985, С.23, 22-23, 25, 36.
5. Привалов К. Секты: досье страха М., Политиздат,1987, С.75, 91.
6. Семенов Л. Не совсем так и совсем не так / "Новое время" №21, 1994,С. 40-42, 42.42, 40..
7. Шипков А. Святому Муну нужен Горбачев /“Новое время” №3 1994, С. 42, 44.
8. Шохин В.К. Мунисты (Содержание образования по миссионерски) М., Политиздат, 1955, С.4-9.